КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

20__ “___” ______________№____.                                                  Бишкек ш.

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

## 2026-2027-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарында 2026–2027-окуу жылына карата кабыл алуу кампаниясын уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-апрелиндеги №240 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарына кабыл алуу тартибинин 7-пунктуна ылайык буйрук кылам:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарында 2026–2027-окуу жылына карата педагогикалык адистиктер боюнча абитуриенттердин ваучер алуу үчүн арыз берүү графиги — 1-тиркемеге ылайык;

- Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарында 2026–2027-окуу жылына карата негизги жалпы билим берүүнүн (9-класс) базасында абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графиги — 2-тиркемеге ылайык;

- Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарында 2026–2027-окуу жылына карата орто жалпы билим берүүнүн (11-класс) базасында абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графиги — 3-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын (мындан ары – КОББУ) менчигинин жана ведомстволук таандыгына карабастан жетекчилерине:

- абитуриенттерди кабыл алууну уюштурууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-апрелиндеги №240 токтому менен бекитилген КОББУларга кабыл алуу тартибин жана 2025-жылдын 5-февралындагы №63 токтому менен бекитилген жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоонун ваучердик механизминин убактылуу тартибин так сактоо;

- КОББУларга кабыл алууну конкурстук негизде, жеке арыздардын негизинде, төмөнкү категориядагы абитуриенттерди (тиешелүү документтер бар болгон учурда) кабыл алууну жүзөгө ашыруу: I, II топтогу майыптар, бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, ата-энесиз калган жетим балдар, Жалал-Абад облусунун Аксы районунда 2002-жылдын 17–18-мартындагы окуяларда, 2010-жылдын апрель–июнь айларындагы жана 2021-жылдын апрелиндеги окуяларда курман болгон адамдардын балдары, ошондой эле кайрылман статусуна ээ адамдар.

3. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- ар бир тандоо жана кабыл алуу турунда абитуриент мамлекеттик билим берүү грантын/ваучерин алуу конкурсуна бир арыз, ал эми келишимдик негизде окууга бир арыз берүү укугуна ээ;

- Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын жана Казакстан Республикасынын жарандары 1996-жылдын 29-мартындагы экономикалык жана гуманитардык тармактарда интеграцияны тереңдетүү жөнүндө Келишимге (1998-ж.) ылайык мамлекеттердин жарандарына бирдей укуктарды берүү жөнүндө макулдашуунун алкагында «Абитуриент Online» (https://2020.edu.gov.kg) автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу гранттык жана келишимдик орундарга конкурска катышууга укуктуу.

Мында негизги жалпы билим берүүнүн базасында — билими жөнүндө документтеги орточо баллдын негизинде, ал эми орто жалпы билим берүүнүн базасында — Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) сертификатынын негизинде.

- башка мамлекеттердин жарандары документтерди конкурска катышуу үчүн «Абитуриент Online» автоматташтырылган маалыматтык системасында каттоосуз, КОББУнун кабыл алуу комиссиясына тапшырат;

- 050601 «Музыкалык билим берүү» адистигине абитуриенттерди кабыл алуу Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгы жана чыгармачылык сыноонун жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Жогорку, орто кесиптик жана жогорку билим берүү башкармалыгына (А.Т. Исираилова) жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 2-июлундагы №423 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

**Об организации приема абитуриентов
в средние профессиональные образовательные организации
Кыргызской Республики на 2026-2027 учебный год**

В целях организации приемной кампании в организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики на 2026–2027 учебный год, на основании пункта 7 Порядка приема в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской

Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 10 апреля 2026 года № 240, **приказываю:**

1. Утвердить:

- График подачи заявок абитуриентами на получение ваучера для обучения по педагогической специальности в образовательных организациях среднего профессионального образования Кыргызской Республики на 2026-2027 учебный год согласно приложению 1.

- График проведения туров отбора и приема абитуриентов на 2026–2027 учебный год в организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики на базе основного общего образования (9 класс) — согласно приложению 2.

- График проведения туров отбора и приема абитуриентов на 2026–2027 учебный год в организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики на базе среднего общего образования (11 класс) — согласно приложению 3.

2. Руководителям образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики, независимо от форм собственности и ведомственной принадлежности (далее – спузы):

- при организации приема абитуриентов в организации среднего профессионального образования строго руководствоваться Порядком приема в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 10 апреля 2026 года № 240, а также Временным порядком ваучерного механизма финансирования высших и средних профессиональных образовательных организаций, утвержденным постановлением от 5 февраля 2025 года № 63.

- осуществлять зачисление в спузы на основе конкурса, на основании личных заявлений следующие категории абитуриентов (при наличии подтверждающих документов): инвалиды I, II групп, лица с ограниченными возможностями здоровья с детства, дети-сироты и дети, оставшиеся без попечения родителей, дети лиц, погибших в результате событий, произошедших 17-18 марта 2002 года в Аксыйском районе Жалал-Абадской области, в апреле-июне 2010 года и апреле 2021 года, лица, имеющие статус кайрылмана.

3. Установить, что:

- в каждом туре отбора и зачисления абитуриент имеет право подать на одну заявку для участия в конкурсе на получение государственного образовательного гранта/ваучера и одну заявку - на обучение по договору с оплатой стоимости обучения.

- граждане Российской Федерации, Республики Беларусь и Республики Казахстан в рамках Соглашения о предоставлении равных прав гражданам государств – участников Договора об углублении интеграции в экономической и гуманитарной областях от 29 марта 1996 года (1998 г.) имеют право участвовать в конкурсе на грантовые и контрактные места.

При этом на базе основного общего образования — по среднему баллу документа об образовании, а на базе среднего общего образования — по сертификату общереспубликанского тестирования (ОРТ).

- граждане Российской Федерации, Республики Беларусь, Республики Казахстан для участия в конкурсе на поступление в спузы подают документы в электронном виде в удаленном режиме с использованием Автоматизированной информационной системы «Абитуриент Online» - https://2020.edu.gov.kg.

- граждане других государств подают документы для участия в конкурсе в приемную комиссию спуза без регистрации в Автоматизированной информационной системе «Абитуриент Online».

- В соответствии с пунктом 3 Порядка приема в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики иностранные граждане вправе претендовать на государственный образовательный грант в соответствии с международными договорами, участником которых является Кыргызская Республика, однако при зачислении на грантовые места обязательным требованием является наличие результатов Общереспубликанского тестирования (ОРТ).

- Прием абитуриентов на специальность 050601 «Музыкальное образование» осуществляется по результатам Общереспубликанского тестирования (ОРТ) и творческого испытания.

4. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на Управление высшего, среднего профессионального и послевузовского образования (А.Т. Исираилова).

5. Приказ Министерства науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики от 2 июля 2026 года № 423 признать утратившим силу.

**Заместитель министра** **Д.И. Козуев**



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Козуев Д.И.